| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**ЭЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ XXII СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ

2-октябрь 2026-жыл **№ 10** Октябрь айылы

**Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 01-октябрындагы № 01-15/155 сандуу каты жөнүндө.**

Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 01-октябрындагы № 01-15/155 сандуу катын негиздеп, Багыш айылдык кеңешинин кезектеги XXII сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Багыш айыл өкмөтүнүн кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлерин ижарага берүүдө биринчи кезекте айыл тургундарына берүүсү зарыл, ал эми экинчи кезекте башка айыл өкмөтүнүн тургундарына жана менчик чарбаларга берүү жагы каралсын.

2. КР Өкмөтүнүн №309 токтомунун негизинде айыл чарба кооперативдерине агродепартамент тарабынан берилген жерлерди кайтарып алуу боюнча тиешелүү органдарга кат жолдоо жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

3. айыл өкмөтүндө жарандардын үлүштөрүн курулуш иштерине байланыштуу № 8, №14 контурларына которлугандыгына байланыштуу “Ала-Тоо” азыгы айыл чарба кооперативи тарабынан № 8-контурунан 15 га., №14 контурдан 4,5 га. жалпысы иштетип жаткан 19,5 га. жерлерге түзүлгөн келишимин жокко чыгаруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Ы.Таевге милдеттендирилсин.

4. Кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлери бир жылдык мөөнөт менен аукциону жок түз келишим менен ижарага берилсин (Эл аралык аэропорт, темир жол, альтернативдик жолдордун курулушу болуп жаткандыгына байланыштуу).

5. Кайра бөлүштүрүү фондусунун жана муниципалдык жерлердин ижара тарифтери 2026-2031-жылдарга карата төмөндөгүдөй бекитилсин:

**-сугат жери үчүн -7000 сом;**
**-кайраки жер үчүн - 3500 сом;**
**-чөп орок үчүн -1500 сом;**
**-бак-дарак үчүн - 1000 сом;**
**-шалы эгиндердин баасы -20,000 сом.**
**-муниципалдык жерлерди ижарага берүү бир жылга 1кв.м. -100 сом.**

**6.** Багыш айыл өкмөтүнүн аймагында башка айыл өкмөтүнөн келип мал жайган жарандар айыл өкмөтү менен келишим түзүп жайыт төлөмдөрүн төлөө жагы милдеттендирилсин жана келишим түзбөгөн жарандарга бузуулар кодексинин негизинде кароолдор тарыбынан камалып айып төлөмү салуу жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

**7.** Токтомдун аткаруу жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Ы.Таевге милдеттендирилсин.

8. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдө жагын өзүмө калтырамн.

9. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

Төраганын орун басары Ч.Мурзаканов